**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**АЛА-БУКА РАЙОНУ**
**АК-ТАМ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛА-БУКИНСКИЙ РАЙОН**
**АК-ТАМСКИЙ АЙИЛЬНЫЙ КЕНЕШ**

---

Ак-Там айылы — с.Ак-Там

**Ак- Там айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз XI сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

11-ноябрь. 2022-жыл. № 11/8

**Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022- жылдын 5- сентябрындагы "Улуттук тазалык күнү жана 2023-2025- жылдар мезгилине тиричилик калдыктарын иштетүү боюнча натыйжалуу инфраструктура түзүү боюнча иш –аракеттер планы жөнүндө" ПЖ №305 Жарлыгын турмушка ашыруу жөнүндө.**

Ак–Там айылдык аймагында Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022- жылдын 5- сентябрындагы "Улуттук тазалык күнү жана 2023-2025- жылдар мезгилине тиричилик калдыктарын иштетүү боюнча натыйжалуу инфраструктура түзүү боюнча иш – аракеттер планы жөнүндө" ПЖ №305 Жарлыгын турмушка ашырууда Ак-Там айыл өкмөтүнүн башчысы М.Камчыбековдун маалыматын угуп жана талкуулап Ак-Там айылдык кеңешинин кезексиз сессиясы **токтом кылат:**

1. Ак- Там айыл аймагында Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022- жылдын 5- сентябрындагы "Улуттук тазалык күнү жана 2023-2025- жылдар мезгилине тиричилик калдыктарын иштетүү боюнча натыйжалуу инфраструктура түзүү боюнча иш –аракеттер планы жөнүндө" ПЖ №305 Жарлыгын турмушка ашыруу жагы колго алынсын.
2. Ак –Там айылынын "Узун –Кыр" участкасынан "Жашыл Мурас" улуттук өнөктүгүн жайылтуу максатында 1,5 га жер аянты ажыратылсын жана айлана тегерегин тосуу иштерине, көчөттөрдү отургузуу иштерине жергиликтүү бюджеттен акча каражатты ажыратып берилсин.
3. Ушул токтомдун аткарылышын камсыздоо жана каражаттарды өз максатында мыйзамдын чегинде каржылоо Ак –Там айыл өкмөттүнүн ФЭБ башчысы Х.Кочорбаевге милдеттендирилсин.

   Токтом тиешелүү веб сайтка расмий жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын мамлекеттик реестрине киргизүү жагы Ак-Там айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ак- Там айылдык кеңешинин жер жана агрардык маселелерди чечүү боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Ак-Там айылдык кеңешинин төрагасы** **А.Осмонов**